КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
АЛАМҮДҮН РАЙОНУ
АРАШАН АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
АЛАМУДУНСКИЙ РАЙОН
АРАШАНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

**Бириккен Арашан айылдык кеңешинин**
**I чакырылышы**

**Таш-Дөбө а.** **21-ноябрь 2025-ж.**

# ТОКТОМ №62

## «Жергиликтүү бюджеттен акча каражаттарын бөлүү жөнүндө»

Арашан айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т. Болгонбаевдин Арашан айыл аймагындагы социалдык чөйрөнү өнүктүрүү жана чечүү маселелери жөнүндө маалыматын угуп жана талкуулап, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2025-жылдын 1-мартындагы №103 Долбоорлорду тандоо жана дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен каржылоо жөнүндө жобону жана Долбоорлорду даярдоо жана ишке ашыруу боюнча нускаманы бекитүү тууралуу токтомунун негизинде, Арашан айылдык кеңешинин сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

2025-жылга дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын конкурстарына катышуу үчүн долбоорду бекитүү жана жергиликтүү бюджеттен акча каражатын бөлүүгө уруксат берилсин:

1. "Арашан айыл аймагынын С.Чокморов айылында жайгашкан көчөнүн 450 метр жерине асфальт төшөө долбоорунун баасы 3375000 (Үч миллион үч жүз жетимиш беш миң) сом, өздүк салым 843750 (Сегиз жүз кырк үч миң жети жүз элүү) сом;
2. 
3. Айыл өкмөтүнүн башчысы дем берүүчү (үлүштүк) гранттардан каржылануучу долбоордук табыштамалардын конкурсуна катышуу үчүн документтер даярдалсын жана жөнөтүлсүн жана аларды 2025-жылга бюджетти түзүүдө эске алсын;
4. Дем берүүчү (үлүштүк) гранттар тарабынан каржылануучу «Арашан айыл аймагынын Арашан, Бер-Булак жана С.Чокморов айылында жайгашкан көчөнүн жарыктандыруу үчүн» долбооруна табыштама бекитилсин;
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Арашан айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т. Болгонбаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Н.К. Калыков**